**Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин магистратура бөлүмүнүн "Филология" багытынын кезектеги отурумунун №7 протоколунан көчүрмө**

Ар түрдүү маселелер: ОшМУнун магистратура бөлүмүндө эксперименталдык окуу план менен иш алып баруу" боюнча талкуу өткөрүү

**Өткөрүлгөн күнү:** «18» июнь 2024-ж.
**Өткөрүлгөн жери:** Ош мамлекеттик университети, ДТМФ факультети.
**Башталган убактысы:** 15.00
**Аяктаган убактысы:** 16.00
**Катышкандар:** ДТМФ факультетинин деканы, доцент Сагындыкова Р.Ж., 531000 "Филология" магистратура багытында сабак берген окутуучулар

**Катчы:** Бактыбек к. Нураида

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Университеттин Окуу-кеңешинин (ОК) чечиминин негизинде ОшМУнун магистратура бөлүмүндө ОшМУнун Сапат бөлүмү тарабынан иштелип чыккан **«Эксперименталдык окуу план»** менен иш алып баруу маселеси.

**УГУЛДУ:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча декан, доцент Сагындыкова Р.Ж. сөз сүйлөдү.
Баяндаманын жүрүшүндө төмөнкү маселелер белгиленди:

- Университеттин Окумуштуулар кеңешинин тиешелүү чечими менен эксперименталдык окуу планын магистратура бөлүмүндө апробациялоо каралгандыгы;
- Эксперименталдык окуу план ОшМУнун Сапат бөлүмү тарабынан иштелип чыгып, билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, окуу процессин оптималдаштырууга жана заманбап талаптарга шайкеш келтирүүгө багытталгандыгы;
- Окуу планын ишке ашырууда кафедралардын, магистратура бөлүмүнүн жана Сапат бөлүмүнүн өз ара тыгыз кызматташуусунун зарылдыгы;
- Эксперименталдык окуу планын ишке ашыруунун жүрүшүндө мониторинг жүргүзүү жана жыйынтыктарын талдоо маселеси.

**СӨЗ СҮЙЛӨШТҮ:**

**Доцент Кабылов Т.Б.,** 531000 "Филология" программасынын башчысы: – эксперименталдык окуу планын ишке ашырууда методикалык колдоонун маанилүүлүгүн белгиледи. Ал өз сөзүндө окутуучулар үчүн түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана силлабустарды эксперименталдык окуу планга ылайыкташтыруу зарылдыгын айтты.

**Доцент Абдыкадырова С.Р.** да жогоруда айтылган сунуштарга макаул экендигин билдирди жана ошондой эле предметтердин A, B, C топторго бөлүштүрүлүп берилиши замандын талабына ылайык экендигин айтты. Тандоо курстары магистранттарга окуу мүмкүнчүлүгүн арттыраарын билдирди.

**ЧЕЧИМ:**

1. Университеттин ОК чечиминин негизинде ОшМУнун магистратура бөлүмүндө ОшМУнун Сапат бөлүмү тарабынан иштелип чыккан **«Эксперименталдык окуу план»** менен иш алып баруу **бекитилсин**.

2. Магистратура бөлүмүнө эксперименталдык окуу планды окуу процессине киргизүү тапшырылсын.
3. Кафедра башчыларына:
   - силлабустарды жана РПДлерди эксперименталдык окуу планга ылайыкташтыруу;
   - окутуучуларды маалымдоо жана методикалык колдоо көрсөтүү милдеттендирилсин.

**Жыйындын төрайымы:** Сагындыкова Р.Ж. /____________________/

**Катчы:** Бактыбек к.Н. /____________________/